**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

жаран Жолдошбек Алиевдин арызын
өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2013 жылдын 5 августу Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Э.Ж.Өскөнбаев, Дж.Макешов, К.С.Сооронкулова, катчы М.Ж.Азарованын катышуусу менен, Кыргыз Республикасынын жараны Жолдошбек Алиевдин арызын карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы :**

Жаран Ж.Алиев Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан 2012 жылдын 26 ноябрында кабыл алынган токтомун жокко чыгарып, анын соттук коргоо конституциялык укугун калыбына келтирип берүүнү суранып арыз менен кайрылган. Кара-Көл шаарынын соту Ж Алиевдин кызматка кайра орноштуруу жөнүндөгү доо арызын карап, анын талаптарын толугу менен канааттандырган. Жалал-Абад областык сотунун жарандык иштер боюнча соттук коллегиясы апелляция ирээтинде ишти карап биринчи инстанциядагы соттун чечимин өзгөртүүсүз калтырган. Ал эми Жогорку соттун жарандык иштер боюнча соттук коллегиясы көзөмөл ирээтинде ишти карап, биринчи жолу, апелляциялык инстанцияга кайра кароого жөнөткөн, экинчи кароосунда, буга чейин кабыл алынган соттук чечимдерди толугу менен бузуп, ишти өндүрүштөн кыскарткан. Жаран Ж.Алиевдин пикири боюнча Жогорку сот, өзүнүн чечими менен анын соттук коргоо конституциялык укугун одоно бузган деп эсептейт.

Судьялар коллегиясы арызды жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, арыз боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28

беренесинин 2 бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Э.Ж.Өскөнбаевдин маалыматын угуп, төмөнкү жыйынтыкка келди.

1. Ж.Алиевдин арызы, өзүнүн таризи жана мазмуну боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 24,25 беренелердин талаптарына толугу менен жооп бербейт.

2. Аталган мыйзамдын 20 беренесинин 1 бөлүгүнүн 1 пунктунда, жеке жактар, эгерде алардын конституциялык укуктары жана эркиндиктери мыйзамдарда жана башка ченемдик укуктук актыларда бузулган деп эсептесе, Конституциялык палатага кайрылуу укугуна таандык экени бекитилген.

Ал эми Ж.Алиев соттук коргооо укугу кайсы мыйзамда, же болбосо башка ченемдик укуктук актыда бузулгандыгын, Конституциялык палатага багытталган кайрылуусунда көрсөтүп кеткен эмес.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегиясынын токтому, өзүнүн белгилери жана касиеттери менен ченемдик укуктук акты болуп эсептелинбейт.

Мындан сырткары, жогоруда аталган мыйзамдын 18 беренесине ылайык, Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун чечимдерин кайрадан карап чыгуу, же болбосо жокко чыгаруу, Конституциялык палатанын конституциялык сот өндүрүш алкагында каралышы мумкун эмес. Башкача айтканда, арыз ээси койгон талап «Кыргыз Республикасынын Конституиццялык палатасы жонундо» конституциялык мыйзамынын 28 беренесинин 3 бөлүгүнүн 4 пунктуна ылайык Конституциялык палатага караштуу эмес.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28 беренесинин 3 бөлүгүнүн 4 пунктун жана 5 бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы :**

1.Жаран Жолдошбек Алиевдин арызы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын талаптарына жооп бербегендиктен, ошондой эле Конституциялык палатага караштуулугу жок болгондуктан өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Арыз жана ага тиркелген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3. Аныктамага карата Конституциялык палатага даттанууга мүмкүн.

Судьялар коллегиясы:

________________ Э.Ж.Өскөнбаев

________________ Дж.Макешов

________________ К.С.Сооронкулова